# Кайдасыз

Калсам да сизден кечигип

Карегим жүрөт тешилип

Эркиме ээлик кыла албай

Эзилип бүттүм эзилип.

Учурун иштин өткөрүп,

Умтулсам ичим бөксөрүп.

Өкүнүч бийлеп жүрөктү

Өрттөнүп жүрөм өрттөнүп… (2)

Булкулдап жүрөк кантейин?

Болоор деп жүрсөм жан шерик.

Ой жеткен менен өзүңө

Кол жетпей калды, кантейин?

Өкүнгөн болом айласыз,

Өкүнүү эми пайдасыз.

Өзөктөн кеткис дарт экен

Өзгөчөм агай кайдасыз? (2)

От байлап алып канатка,

Ой-санаам өзүң тарапта.

Бурулуп карап келбедиң

Булуттар көчүп баратса.

Жалгашпай калды жолубуз,

Кармашпай калды колубуз.

Айла жок эми кантели

Артыкчам аман болуңуз,

Ардагым эсен болуңуз.